# Жашоо кумары.

Сөзү: Дайыр Орозакунов.

Обону: Туратбек Дуйшеев.

Аткаруучу: Мурзаибраимова

Сайрагүл Бекмаматовна

Бул турмушта аздыр көптүр өмүр жакшы.

Ата энең айыл тууган журтуң бакты.

Күпүлдөп түштүгүңө жорго минип.

Ардактап жарың турса жашооң таттуу.

Коломтодо ырыс кешик ташып турса.

Кор кылба биздин өмүр ыйык барктуу.

Пр: Ак тойго келгиле.

Ак бата бергиле.

Аруулап жашообузду.

Тоюңар кут болсун , ырыскы жык толсун .

Баталар кабыл болсун.

Келберсип уулуң өсүп келин келет.

Кудагый куда деген элиң келет.

Алдыңдан неберелер тосуп чыкса.

Магдырап маңдайыңдан териң келет.

Артыңда ишиң улаар кишиң болсо.

Каниет кыл текке өтпөптүр өмүр демек.

Багыңда булбул торгой сайрап турса.

Үйүңөрдө конокторуң батпай турса.

Казаныңда буркураса этиң кайнап.

Касиеттүү аксакалдар бата кылса.

Ар убакта эл журтума бакыт тилеп.

Аз өмүрдө ардакташып ойноп жырга.